| | |
|---|---|
| Документтин шифри<br>*Q-2024-0018* | Ош мамлекеттик университети |
| **ОК № 7 токтому 07.05. 2024**<br>Ректордун №2021-ФХД/24 (08.05.2024 ) Буйругу менен бекитилен | САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ |
| | ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобонун №3 тиркемеси<br><br>**Базалык окуу планын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча ИНСТРУКЦИЯ** |

## Жалпы жоболор

Базалык окуу планын иштеп чыгуу жана корректировкалоо боюнча колдонмо (мындан ары – окуу куралы) билим берүү программалары (ББП) үчүн окуу пландарын иштеп чыгуунун жана корректировкалоонун тартибин, формасын, мазмунун, стандарттарын, мөөнөттөрүн жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр менен макулдашууну жана бекитүүнүн тартибин аныктайт.

Базалык окуу планы билим берүү программасынын милдеттүү компоненти болуп саналат. Базалык окуу планы ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандарттарына ылайык адисти даярдоонун жалпы структурасын окуунун бүткүл мезгилине аныктайт. Базалык окуу планы аны ишке ашырууда тейлөөчө жана бүтүрүүчү структуралардын илимий потенциалын өнүктүрүүнү жана иш берүүчүлөрдүн суроо-талаптарын эске алуу менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

Базалык окуу планы билим берүүнүн бардык формалары жана деңгээлдеги ББПнын окуу-методикалык документи болуп саналат жана студенттин эмгек сыйымдуулугун, окуу ишинин түрлөрүн өздөштүрүүнүн узактыгын жана мөөнөттөрүн аныктайт.

## Базалык окуу планын иштеп чыгууга жалпы талаптар:

- Базалык окуу планы иштелип чыгуу учурдагы колдонулуп жаткан ченемдик-локалдык документтерге ылайык болуусу;
- *ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартына шайкеш кылуу;*
- *ОшМуда өз алдынча иштелип чыккан стандарттардын макетине (мындан ары - макет ) ылайык кылуу;*
- *Окуу планындагы дисциплиналардын үзгүлтүксүздүгү жана өз ара байланышына ылайык дисциплинаралдын ырааттуулугун камсыз кылуу;*
- *Бардык циклдагы окуу дисциплиналарын милдеттүүлүк даражасы боюнча «А», «В» жана «С» топторуна рационалдуу бөлүштүрүүнү камыз кылуу*.

Базалык окуу планды иштеп чыгуу үчүн атайын жумушчу топ түзүлөт. Жумушчу топ 9 адамдан кем эмес болууга тийиш жана жумушчу топтун курамынын 1/3 бөлүгү профессордук-окутуучулук жамаатынан, 1/3 бөлүгү башка окуу жайлардын профессордук-окутучулар жамаатынан, 1/3 бөлүгү өндүрүштөн (иш берүүчүлөрдөн) түзүлөт.

## Базалык окуу планын иштеп чыгуу жана бекитүүнүн кадамдары

| Кадамдар | Аткарылуучу иштер | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 1 | Базалык окуу планын иштеп чыгуу үчүн бүтүрүүчү структура тарабынан жумушчу топтун курамын бекитүү үчүн ректорго билдирүү берет жана ректордун буйругу менен жумушчу топ бекитилет. | Бүтүрүүчү структура (кафедра, ПЦК, бөлүм) |
| 2 | Жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан базалык окуу пландарды “ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө” жобосуна жана анын тиркемелерине шайкештиги боюнча техникалык кароодон өткөрүлөт. | Билим берүүнүн, изилдөөлөрдүн, инновациялардын сапатын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландаштыруу департаментинин |
| 3 | Окуу-усулдук бирикмесинин *(мындан ары ОУБ)* тармактык комитетинде талкууланып, бүтүм алынат. | ОшМУнун ОУБдун тармактык комитети |
| 5 | Оң бүтүм берилген базалык окуу планы бекитилет | ОУБ координациялык кеңештин төрагасы (окуу иштери боюнча проректор) |

## Базалык окуу планынын  үлгүсү жана ага түшүндүрмө

| **Блоктор** | **Циклдер** | **Циклдин багыттары** | **Дисциплиналар** | **“А”** | **"В"** | **"С"** | **1-окуу жылы** | | **2-окуу жылы** | | **3-окуу жылы** | | **4-окуу жылы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | 1-семестр | 2-семестр | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр | 7-семестр | 8-семестр |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү | Тилдик жана коммуникативди көндүмдөр | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | |
| 2-блок | Практикалар | | | | | | | | | | | | | |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | | | | | | | | | | | | | |

Базалык окуу планындагы  дисциплиналар милдетүүлүк даражасы боюнча  3 топко бөлүнөт, алар **«А», «В»** жана **«С»**  топтору.

**“А”** тобундагы дисциплиналарды, алардын ыраатуулугун, семестрлерин жумушчу топ аныктайт жана семестрлери так көрсөтүлүүлүгө тийиш.

Макетте **“В”** тобуна берилген Жалпы билим берүү циклинин багыттарынын дисциплиналары базалык окуу планга өзгөртүүсүз жана милдетүү түрдө киргизилип, **“В”** тобуна пландаштырылат. Жалпы билим берүү циклиндеги “дисциплиналар каталогундагы” дисциплиналардын бирөө гана базалык окуу планга киргизилет жана аны жумушчу топ аныктайт. **“В”** тобундагы дисциплиналарга перереквизит талап кылынбайт жана семестрлердин ырааттуулугу мааниге ээ эмес. “В” тобундагы дисциплиналарды студент өзү каалаган семестрге пландаштырып окуйт.

Кесиптик циклге тиешелүү **“В”** тобундагы дисципиланаларды базалык окуу планын иштеп чыгуучу жумушчу топ аныктайт.

**“С”** тобуна дисциплиналарды базалык окуу планын иштеп чыгуучу жумушчу топ аныктайт жана тандоого 3 төн кем эмес дисциплина сунушталат. Тандоого коюлган дисциплиналар мазмуну жактан тектеш болуусу мүмкүн, ошондуктан тандоого коюлган дисциплиналардын ичинен студент өзү калаган дисциплинаны тандайт жана окуу планында сунушталган семестрде гана окуйт.